БЕКИТЕМ
Тоголок Молдо атындагы
№ 71 мектеп - интернатынын
директору
Абдыкадыров Э.К.

# Тарых усулдук бирикмеси (УБ) жөнүндөгү жалпы ЖОБО

## 1. Усулдук бирикменин жобосу

1.1. Усулдук бирикме бир нече билим берүү тармагына Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүү боюнча сунуштамасынын негизинде уюмдарынын усулдук кызматынын структуралык бөлүгү болуп эсептелет.

1.2. Усулдук бирикме (бир нече) билим берүү чөйрөсүндө же чөйрөлөрүндө сабак өткөн үчтөн кем эмес мугалимден түзүлөт.

1.3. Усулдук бирикме адам жана коом,диндердин өнүгүү тарыхы, тарых предметтерин камтыйт;

1.4.. Ишмердүүлүктүн негизги багыттары, маани-маңызы, формасы, иштөө усулу билим берүү уюмунун милдеттери жана максаттарына ылайык формасы, иштөө усулу билим берүү уюмунун милдетерине жана максаттарына ылайык, анын мүчөлөрү аркылуу белгиленет жана башкалардан турган усулдук бирикмелер да түзүлүшү мүмкүн.

1.5.. УБ нин жылдык планын иштеп чыгуу.

1.6.. УБдеги предметтердин негизинде окуу китептери жана авторлору такталат.

1.7.. УБ түздөн –түз били берүү уюмунун директорунун орун басары окуу трбия иштери боюнча орун басарынын көрсөтмөсү менен директордун буйругуна ылайык түзүлөт,кайра уюштурулат жана жоюлат.

1.8.. Билим берүү уюмдарынын алдына коюлган милдеттерди комплекстүү чечүү зарылдагына жараша усулдук берикмелердин саны аныкталса усулдук кеңештин чечими менен белгиленет жана билим берүү директорунун буйругу астында бекителет.

1.9.. Билим берүү ишмердигинин жыйынтыгын предметтер боюнча анализдөө жана жыл ичинде 4 жолу отчетту директордун орун басары методистке тапшыруу.

1.10. Окуу базасын жакшыртуу (жаңы программалык, класстарды, кабинеттерди жакшыртуу ж.б.у.с.)

1.11. Насаатчылардын жаш мугалимдерге жана тажрыйбасы аз мугалимдерге жардам берүүсүн уюштурат.

1.12. Жыл ичинде мектептин ички планына ылайык УБнин жумалыгы өткөрүлөт.

1.13. Сабакта жана сабактардан тышкаркы иш-чараларды уюштуруу менен окуучуладын маалыматтык,социалдык-коммуникациялык,өз алдынча уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү компетенттүүлүгүн артыруу.

1.14. Мугалимдер кесиптик чеберчилигин жогорулатуу,өзүн-өзү өнүктүрүү;

## Усулдук бирикменин максаты:

2.1. Окуучуларды ар тараптан жашоого, келечеке даярдоо.

2.2. Диний,улуттук, расалык тен салмак менен катар, макулдашуу, улуттар арасында биримдик, жашоо инстинктери, жана келечекке ишеним сыяктуу идеяларды, баалуулуктарды үйрөтүү.

2.3. Окуучуларды ар тараптан өнүктөрүү.
2.4. Окуучуларды предметтик жана долбоорлук олипиадага даярдоо.
2.5. Жыл ичинде диакностикалык тестерди алуу.
2.6. Таланттуу жана начар окуган окуучулар менен иштөө (кошумча сабактарды өтүү).
2.7. Мугалимдин ишмердүүлүгүн жогорулатуу жаны билимдерге ээ болуу
2.8. Коомдук иштерге активдүү катышуу.
2.9. Кошумча сабактарды өтүү.
2.10. Семинарларга катышуу(шаардык,райондук,мектеп)

## Усулдук бирикменин укуктары:

3.1. Окуу жылындагы мугалимдердин милдеттерин которуп чыгуу жана мектеп ишмердүүлүгүнүн пландаштырууга катышуу.
3.2. Усулдук бирикменин мүчөлөрүнүн өз билимин өркүндөтүү курстан өтүүсүнүн камсыз кылуу жана талап кылуу.
3.3. Окуу програмысын жана окуу китептерин эркин тандап алуу.
3.4. Мектеп администрация тарабынан матириалдык техникалык жардам алууга укуктуу.

## Усулдук бирикменин милдеттери:

4.1. Окуу предметтеринин сабак берүүнү диагноздоо,чейрек сайын мониторинг жүргүзүп окуучуларды олимпиадага ,илимий изилдөө ж.б сынактарга катышуу мерчемдерин иштеп чыгуу
4.2. Билим берүүнүн мамлекеттик стандартынына сапаттык анализдөө.
4.3. Предметтик окутууну үйрөнүү жана анализдөө.
4.4. Окуу планындагы өзгөртүүлөрдү усулдук бирикмеде талкуулоо өзгөртүүлөргө жараша календардык план, экзамендик билеттер
4.5. Тегерек столдорду,семинарларды уюштуруу,
4.6. Андагы иш тажрыйба боюнча иштерди жүргүзүү.
4.7. Жаш мугалимдерге насаатчы мугалимдерин дайындоо,аларга жардам, колдоо көрсөтүү
4.8. Долбоорлор менен иштөө;
4.9. Сабактардан жетишүүсү начар окуучулар менен иштөө планын УБнин ичинде талкулоо жана бекитүүгө сунуштоо;
4.10. Олимпиадага окуучуларды тандоо жана олимпиада үчүн кошумча сабактардын планын иштеп чыгуу.